# КЫРГЫЗСТАН

## МОБИЛДҮҮЛҮК БОЮНЧА БАШТАПКЫ БААЛОО
## 3-АЙЛАМПА 2024-ЖЫЛДЫН АПРЕЛЬ АЙЫ

ЭЛ АРАЛЫК МИГРАЦИЯ УЮМУ (ЭАМУ)
МОБИЛДҮҮЛҮКТҮ КӨЗӨМӨЛДӨӨ МАТРИЦАСЫ (МКМ)

Funded by
the European Union

IOM
UN MIGRATION

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

**Swiss Agency for Development and Cooperation SDC**

Эл аралык миграция уюму ЭАМУ
Глобалдык маалымат институту (GDI)
Таубенстрасе (Taubenstraße) 20 22
10117 Берлин
Германия

Эл аралык миграция уюму (ЭАМУ)
Ибраимов к., 103
Виктория Бизнес Борбору
Бишкек
Кыргызстан

**Эскертүү**

Бул баяндама Европа Биримдиги тарабынан каржыланган “Миграцияны анализдөө жана саясат үчүн аймактык далилдер” (REMAP) долбоорунун жыйынтыгынын жана Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттигинин (SDC) «Борбордук Азиядагы миграция боюнча аймактык программа» долбоорунун алкагында чыгарылган натыйжалардын бир бөлүгү болуп саналат. Бул документ Европа Биримдигинин жана Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттигинин каржылык жардамы менен иштелип чыккан. Бул жерде айтылган көз караштар эч кандай түрдө жогоруда аталган донор(лор), ЭАМУ же анын мүчө мамлекеттеринин расмий көз караштарын билдирет деп эсептелбеши керек .

Баяндамада айтылган пикирлер авторлорго таандык жана Эл аралык Миграция Уюмунун (ЭАМУ) көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт. Иштелип чыккан аталыштар жана баяндаманын ичинде материалды көрсөтүү кандайдыр бир өлкөнүн, шаардын же аймактын же анын бийлик органдарынын укуктук абалына, же анын чек араларына же чектерине карата ЭАМУ тарабынан кандайдыр бир пикирди билдирбейт.

ЭАМУ гумандуу жана тартиптүү миграция мигранттарга жана коомго пайда алып келет деген принципти карманат. Өкмөттөр аралык уюм катары ЭАМУ эл аралык коомчулуктагы өнөктөштөрү менен төмөндөгү максаттарда кызматташат: миграцияга байланыштуу оперативдүү көйгөйлөрдү чечүүгө көмөктөшүү; миграция маселелерин терең түшүнүү; миграция аркылуу социалдык-экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүү; жана мигранттардын адамдык ар-намысын, кадыр-баркын жана жыргалчылыгын коргоо.

*Бул отчетто көрсөтүлгөн маалыматтарды колдонууда төмөндөгү көрсөтүлгөн цитатаны колдонуу талап кылынат: Эл аралык миграция уюму (ЭАМУ), 2024 жылдын Апрель айы. Мобилдүүлүк Боюнча Баштапкы Баалоо (Baseline Mobility Assessment, BMA). ЭАМУ Кыргызстан. Мобилдүүлүктү көзөмөлдөө матрицасы (МКМ) маалымат продуктуларынын шарттары жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн, төмөнкү шилтемени караңыз: https://dtm.iom.int/terms-and-conditions.*

© 2024 Эл аралык миграция уюму (ЭАМУ)

Биз менен байланыш үчүн

Кошумча маалымат алуу үчүн МКМ командасына кайрылыңыз:

iomkyrgyzstan@iom.int
Facebook.com/IOMkyrgyzstan
twitter.com/IOMKyrgyzstan
instagram.com/iomkyrgyzstan/
dtm.iom.int/kyrgyzstan

# МКМ жөнүндө

Мобилдүүлүктү көзөмөлдөө матрицасы (МКМ)- бул калктын мобилдүүлүгүн жана жер которулушун көзөмөлдөө жана көзөмөлдөө тутуму. МКМ ЭАМУнун Калктын глобалдык кыймылды көзөмөлдөө матрицасы (DTM) методикасынын негизинде Кыргызстандагы контекстке ылайыкташтырылган. DTM калктын топторунун кыймылдарын жана өзгөрүп келе жаткан муктаждыктарын жакшыраак түшүнүүнү камсыз кылуу үчүн маалыматты үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө чогултуу, иштеп чыгуу жана жайылтуу үчүн иштелип чыккан. 2024-жылдын февраль айынан апрель айына чейин МКМ Кыргызстанда мобилдүүлүктү көзөмөлдөө, калктын санын баалоо, эмгек мигранттарынын жана кайтып келген мигранттардын географиялык бөлүштүрүлүшү, миграциянын себептери, кайсыл өлкөлөрдөн кайтып келген жана миграция мезгилдери жөнүндө маалымат берүү максатында Мобилдүүлүк Боюнча Баштапкы Баалоонун (BMA) үчүнчү айлампасын өткөрдү. МКМ ЭАМУга жана анын өнөктөштөрүнө ресурстарды максималдуу түрдө пайдаланууга, артыкчылыктарды аныктоого жана максаттуу, далилдүү жана мобилдүүлүктү камтыган туруктуу миграция саясатын жана пландарын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. МКМ Кыргызстан тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн ушул шилтемеге: https://dtm.iom.int/kyrgyzstan кириңиз.

МЕТОДОЛОГИЯ

МКМ Кыргызстанда калктын мобилдүүлүгүн көзөмөлдөө, мигранттардын болжолдуу саны боюнча маалымат берүү, эмгек мигранттарынын жана кайтып келген мигранттардын географиялык бөлүштүрүлүшү, миграциянын себептери, Кыргызстанга мигранттардын кайсыл өлкөлөрдөн кайтып келгени жана миграция мезгилдери жөнүндө маалымат берүү максатында Мобилдүүлүк Боюнча Баштапкы Баалоону (BMA) ишке ашырат. Маалыматтар айылдык деңгээлде негизги маалымат берүүчүлөрдөн жана түздөн-түз байкоолордон чогултулат.

Маалыматтарды чогултуу жана баалоо эки баскычтуу раунддун негизинде жүргүзүлөт:

1. Райондук деңгээлдеги баалоо (B1): Бул балоо Кыргызстандын жарандарынын агымы көп болгон айылдарды аныктоого жана калктын ар бир максаттуу калктын категориясынын болжолдуу өлчөмүн берүүгө багытталган.
2. Оценка на уровне села (B2): Основываясь на результатах оценки B1, в этом раунде осуществляется сбор данных о притоке и оттоке каждой целевой категории населения в каждом селе, выявленном в ходе оценки B1. Также выявляются и оцениваются дополнительные села на основе информации от ключевых информаторов.

БЕШ МАКСАТТУУ КАЛКТЫН ТОБУ

Мобилдүүлүк боюнча баштапкы баалоо (BMA) аркылуу, МКМ төмөндөгү беш негизги максаттуу калк категорияларынын жайгашкан жерлерин, калктын санын көзөмөлдөйт[2]:

| | | |
|---|---|---|
| 1 | **Эл аралык эмгек мигранттары** | Жумушка орношуу максатында Кыргызстанга көчүп келген чет өлкөлүк жарандар. |
| 2 | **Кайтып келген Мигранттар** | Чет өлкөдө кеминде үч ай болгондон кийин Кыргызстанга кайтып келген Кыргызстандын жарандары. |
| 3 | **Эмигранттар** | Эл аралык чек араны кесип өтүп, учурда чет өлкөдө мигрант катары жашап жаткан Кыргызстандын жарандары. |
| 4 | **Ички мигранттар** | Кыргызстандын башка жерлеринин келген, бирок учурда сурамжылоого алынган жамааттарда ички мигранттар катары жашаган тургундар. |
| 5 | **Ички эмигранттар** | Сурамжылоого алынган жамааттардан чыгып кетип, Кыргызстандын ичиндеги башка жерге көчүп барган ички мигрант катары жашаган кыргыз жарандары. |

*1. МКМдин методологиялык негизи: https://dtm.iom.int/about/methodological-framework шилтемесинен алынган*
*2. ЭАМУнун сөздүгү. : https://publications.iom.int/system/files/pdf/iml_34_glossary.pdf алынган*

# НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫН КЫСКАЧА БАЯНДАМАСЫ

**7** облус
**2** шаар
**45** район[3]
**999** жамаатта
баалоо жүргүзүлгөн

**1 159**
сурамжылоого катышкан негизги маалымат берүүчүлөр

**44 391**
ички мигранттар

**227 629**
эмигранттар


**128 661**
кайтып келген мигранттар

**34 966**
эл аралык эмгек мигранттары

**207 098**
Россия Федерациясына көчүп кеткен эмигранттар

Мобилдүүлүк Боюнча Баштапкы Баалоо (ВМА) Кыргыз Республикасынын бардык жети облусунда (Баткен, Чүй, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Нарын, Ош жана Талас), анын ичинде бул облустардагы бардык 40 райондорунда (аймактарда), ошондой эле Кыргызстандын эки ири шаарында (Бишкек борбор шаары жана Ош шаары) жүргүзүлдү. Бул баалоо 1 159 негизги маалымат берүүчүлөр менен маектешүү аркылуу 999 жамаатты камтыды. Маалымат берүүчүлөрдүн негизги эсептөөлөрүнүн негизинде, 2020-жылдан 2024-жылдын апрелине чейин Кыргызстандагы бааланган коомчулуктарында 34 966 эл аралык эмгек мигранттары жайгашкандыгы билинди. Ошол эле учурда бааланган жамааттарда 44 391 ички мигрант жайгашкан жана 227 629 кыргызстандык жаран чет өлкөдө эмигрант катары жашап жатканы кабарланууда. Мындан тышкары, чет өлкөдөн 128 661 мигрант кайтып келген. Мобилдүүлүк Боюнча Баштапкы Баалоонун 3-үчүнчү айлампасы Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ) менен тыгыз кызматташтыкта өткөрүлөт.

# ГЕОГРАФИЯЛЫК КАМТУУ




Эскертүү: Бул карта иллюстрациялык максатта гана колдонулат.
Бул картадагы аталыштар жана чек аралар ЭАМУ тарабынан расмий колдоону же кабыл алууну билдирбейт.

3. Кыргыз Республикасынын ичине 7 облус, анын ичинде 45 район, ошондой эле Ош шаары жана Бишкек шаарынын ичинде 4 район кирет.


# НЕГИЗГИ МААЛЫМАТ БЕРҮҮЧҮЛӨР (НМБ)

Катточулар, айыл деңгээлинде маалыматтарды, биринчи кезекте, жамааттын мүчөлөрүнүн негизги маалымат берүүчүлөр менен маектешүү аркылуу чогултушат. Негизги маалымат берүүчүлөр – ар бир аймактагы ички жана эл аралык мобилдүүлүк жөнүндө маалымат бере турган коомчулуктун мүчөлөрү.

Маалыматтарды чогултуунун үчүнчү айлампасында негизги маалымат берүүчүлөрдүн 57% эркектер жана 43% аялдар эки жыныстын тең салмактуу көз карашын камсыз кылышкан. Негизги маалымат берүүчүлөрдүн көпчүлүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү болгон, алар 97% түзүшкөн. 2 пайызды түзгөн "башка" категорияга коомдук ишмерлер, маданият үйүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, медициналык жана билим берүү мекемелеринин өкүлдөрү кирген. Мындан тышкары, эмгек мигранттарынын жамаатынын лидерлери, соодагерлер/дүкөн ээлери, диний өкүлдөр, жумушка орноштуруу агенттигинин өкүлдөрү, гуманитардык жана социалдык уюмдардын өкүлдөрү жана жумуш берүүчү уюмдардын өкүлдөрү 1% дан аз болгон.

Негизги маалымат берүүчүлөр коомчулуктун ичиндеги ички жана эл аралык мобилдүүлүктүн үлгүлөрү жөнүндө баалуу түшүнүктөрдү беришти.. Алардын коомдогу ролу жана орду маанилүү маалыматка жетүүнү камсыз кылды, бул маалыматтарды чогултуу процессин бир топ жеңилдетти. Бул ыкма маалыматтарга реалдуу мобилдүүлүк тенденцияларын жана бул тенденцияларга таасир этүүчү факторлорду чагылдырууга мүмкүндүк берди.

Түрү жана жынысы боюнча негизги маалымдоочулардын саны жана пайызы



# ЭЛ АРАЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮК

# ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

## 5 НЕГИЗГИ ӨЛКӨЛӨР

| | |
|---|---|
| РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ | 14 150 |
| ӨЗБЕКСТАН | 11 112 |
| ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ | 3 731 |
| КАЗАХСТАН | 3 197 |
| ТАЖИКСТАН | 963 |

321 коомчулуктун МКМ негизги маалымат берүүчүлөрү (бааланган коомчулуктардын 32%) өз жамааттарында эл аралык эмгек мигранттарынын бар экендигин тастыктады.

Негизги маалымат берүүчүлөр 2020-жылдан 2024-жылдын апрелине чейин бааланган жамааттарга келген 25тен ашуун өлкөлөрдөн 34 966 эл аралык эмгек мигранттары бар экендигин тастыкташты. Бирок эмгек мигранттарынын басымдуу көпчүлүгү беш гана өлкөлөдөн болушкан. Эң ири Россия Федерациясынан, Кыргызстандагы эл аралык эмгек мигранттарынын 40 пайызын түзгөн. Андан кийин өзбекстандыктар 32%, түркиялыктар 11%, казакстандыктар 9%, тажикстандыктар 3%.

Бул жыйынтыктар Кыргызстанга эл аралык миграциянын ар түрдүү, бирок топтолгон мүнөзүн көрсөтүп турат. Бул, эмгек мигранттары Кыргызстанга кайсы өлкөлөр жана канча санда келерин так түшүнүү даректүү колдоону жана жоопторду иштеп чыгууга жардам берет.


## МИГРАЦИЯНЫН МӨӨНӨТТӨРҮ

Кыргызстанга келген эл аралык эмгек мигранттарынын арасында миграциянын үлгүлөрүн иликтөөдө бул жумушчулардын эң жогорку үлүшү миграциянын кыска мөөнөтү менен алектенери байкалган. Тактап айтканда, эмгек мигранттарынын 54 пайызы алты айга жетпей калышат. Бул тенденция көптөгөн адамдар Кыргызстанга сезондук жумушка, сейрек кездешүүчү долбоорлорго же узак мөөнөткө турууну талап кылбаган кыска мөөнөттүү жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүнө келиши мүмкүн экендигин көрсөтүп турат.

Кыска мөөнөттүү миграциядан кийин, узак мөөнөткө миграция да олуттуу мааниге ээ, эмгек мигранттарынын 38% Кыргызстанда алты айдан ашык болушат. Бул мигранттар туруктуу жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн издеп, жергиликтүү эмгек рыногунда өздөрүн биротоло орнотууну көздөшү мүмкүн.

Мындан тышкары, Кыргызстанда болуу мөөнөтү белгисиз деп классификацияланган мигранттардын көрүнүктүү бөлүгү бар, алар жалпы сандын 8 пайызын түзөт. Бул категорияга ар кандай себептерден улам узактыгы белгисиз болгон адамдар кириши мүмкүн.


Процент боюнча миграциянын түрү



# ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫ | КЕЛГЕН ОБЛУСТАР БОЮНЧА

Географиялык жактан алганда, эл аралык эмгек мигранттарынын бөлүштүрүлүшү өзгөчө Бишкекте топтолгон, ал бааланган жамааттардагы жалпы эмгек мигранттарынын 57% түзгөн, Жалалабат облусу 19%, Ош шаары (6%), Чүй облусу (6%), Ош облосу (4%), Талас облусу (4%), Ысык-Көл облусу (2%), Баткен (1%) жана Нарын облусу 1% дан аз.

Эл аралык эмгек мигранттарынын саны жана пайызы 2020-жылдан 2024-жылдын апрелине чейин | Келүү облустары боюнча





**Эл аралык эмгек мигранттары| Жылдык тенденциялар**

Эмгек мигранттарынын жалпы саны 2021-жылы мурунку жылга салыштырмалуу 70 пайызга өскөнүн көрсөтүп турат. Бул өсүү тенденциясы 2022-жылы дагы 51 пайызга жана 2023-жылы дагы 49 пайызга жогорулоо менен уланды.

Апрелге чейинки көрсөткүчтөрдү камтыган 2024-жылга карата маалыматтар жыл аягына чейин дагы жогорулайт деп күтүлүүдө, ошондуктан аны мурдагы жылга салыштырууга болбойт.

Бул ырааттуу өсүштөр Кыргызстанга эл аралык миграциянын олуттуу өсүш тенденциясын көрсөтүп турат. Бул өсүштү шарттаган факторлорду түшүнүү эмгек мигранттарынын калкын жөнгө салуу жана колдоо боюнча натыйжалуу саясатты иштеп чыгуу үчүн өтө маанилүү.

Эл аралык эмгек мигранттарынын саны, апрель 2020- апрель 2024 | Жылдык тенденциялар



# КАЙТЫП КЕЛГЕН МИГРАНТТАРДЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК МААЛЫМАТТАРЫ

### ТӨМӨНКҮ 5 НЕГИЗГИ ӨЛКӨДӨН КАЙТЫП КЕЛГЕН МИГРАНТАР

| | |
|---|---|
| РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ | 113 496 |
| ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ | 5 155 |
| КАЗАХСТАН | 3 933 |
| КОРЕЯ РЕСПУБЛИКАСЫ | 1 098 |
| УЛУУ БРИТАНИЯ | 756 |

939 жамааттын МКМ негизги маалымат берүүчүлөрү (бааланган жамааттардын 94%) өз коомчулуктарына/жамааттарына кайтып келген мигранттардын бар экендигин тастыкташты.

Негизги маалымат берүүчүлөр 2020-жылдан 2024-жылдын апрелине чейин 40тан ашуун өлкөдөн бааланган жамааттарга кайтып келген 128 661 мигранттын бар экендигин тастыкташты. Белгилей кетчү нерсе, бул кайтып келген мигранттардын басымдуу көпчүлүгү Россия Федерациясынан кайтып келишкен, алар жалпы санынын 88% түзгөн. Мындан тышкары, Түркиядан кайтып келген мигранттар - 4 пайызды түзгөн, кичинекей болсо да, бирок олуттуу сегмент болуп эсептелет.

Бул концентрация Россия Федерациясынан негизги кабыл алуучу өлкө катары кайтып келүү миграциясынын басымдуу тенденциясын баса белгилеп, бааланган жамааттардын ичиндеги миграциянын динамикасы жөнүндө баалуу түшүнүктөрдү берет.

Кайтып келген мигранттардын 3 пайызын түзгөн Казакстан үчүнчү орунда турат. Андан кийин кайтып келген мигранттардын 1 пайызын түзгөн "белгисиз" категория пайда болду. Корея Республикасы да 1 пайызды түзгөн, ал эми Улуу Британия кайтып келген мигранттардын 1 пайыздан азын түзгөн.

### Кайтып келүүнүн себептери

Кыргызстанга кайтып келүүнүн ар кандай себептеринин маанилүүлүгүн 0 дон (“тиешелүү эмес”) 5ке чейинки ("өтө маанилүү") масштабда баалоо суралганда, үй-бүлөлүк маселелер, анын ичинде үй-бүлөнү бириктирүү же никеге туруу эң олуттуу себеп катары пайда болду, орточо рейтинги 4.2 балл болду. Андан кийин көздөгөн өлкөдөгү эмгек келишимдеринин же милдеттеринин аткарылышы орточо 3,5 балл менен экинчи эң маанилүү себеп катары бааланды.

Иштөөгө уруксаттын (патенттин) жарактуулук мөөнөтү/жогорку наркы, депортациялоо, валютанын арзандашы (негизинен орус рубли) жана Россия Федерациясынын жарым-жартылай мобилизациясы бир аз маанилүү болгон, тиешелүүлүгүнө жараша орточо баллдар 3.1, 2.7, 2.6 жана 2.5, болгон.

Башка себептер, анын ичинде Кыргызстанда жакшы жумуш орундарын табуу үчүн кайтып келүү, ден-соолуктун абалы (психикалык саламаттык/майыптык), каржылык көйгөйлөр/карыздар жана экономикалык (Россия Федерациясындагы) санкциялар, алардын ар бири тиешелүүлүгүнө жараша орточо 2.4, 2.3 балдарды алды, 2.2 жана 2 бал болду.

Чет өлкөдөгү чыр-чатактар жана жалпы коопсуздук абалы (1.9 бал), чет өлкөдөгү адам укуктарынын бузулушу (1.8), кайтып келген өлкөдөгү төмөн киреше (1.8), чет өлкөдөгү экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу (1.6), табигый кырсыктар/климаттын өзгөрүшү (1.3) жана башка (0.1) мааниси төмөн себептер катары белгиленди.

# КАЙТЫП КЕЛГЕН МИГРАНТТАРДЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК МААЛЫМАТТАРЫ

**2023-жылдан баштап рейтинг боюнча Кыргызстанга кайтып келүү факторлорунун маанилүүлүгү**

0 = тиешелүү эмес, 1= өтө маанилүү эмес, 2 = маанилүү эмес, 3 = бир аз маанилүү, 4= маанилүү, 5 = өтө маанилүү

**4.2** Үй-бүлөлүк маселелер (үй-бүлө) сбириктирүү, нике ж.б.)

**3.5** Жумуш келишимин/ милдеттерин аяктоо

**3.1** Патенттин мөөнөтү аяктагандыгы/ жумушка уруксат документинин жогорку наркы

**2.7** Депортациялоо

**2.6** Валютанын девальвациясы (негизинен рубль)

**2.5** Россия Федерациясында жарыяланган жарым-жартылай мобилизациясы

**2.4** Мекенинде (жакшыраак) жумуш мүмкүнчүлүктөрүн табуу

**2.3** Ден-соолук маселелери (психикалык ден-соолук, майыптык)

**2.2** Каржылык көйгөйлөр/карыздар

**2.0** Экономикалык санкциялар (Россия Федерациясы)

**1.9** Конфликт жана жалпы чет өлкөдөгү коопсуздук абалы

**1.8** Адам укуктарынын бузулушу

**1.8** Чет лкөдөгү кирешелердин төмөндүгү

**1.6** Чет өлкөдөгү экономикалык көрсөткүчтөрдүн жетишсиздиги


**1.3** Чет өлкөдөгү табигый кырсыктар/климаттын өзгөрүшү

**0.1** Башка факторлор

# КАЙТЫП КЕЛГЕН МИГРАНТТАР | КЕЛГЕН ОБЛУСТАР БОЮНЧА

Бааланган коомчулуктардан кайтып келген мигранттардын жыйырма үч пайызы Ош облусуна кайтып келишкен, андан кийин Чүй (15%), Баткен (14%), Бишкек (14%), Ысык-Көл (12%), Жалалабат (11%), Ош шаарына (5%), Нарын (3%), Талас (3%) облустарына кайтып келишкен.

2020-жылдан 2024-жылдын апрелине чейин кайтып келген мигранттардын саны жана пайызы | облустар боюнча





**Кайтып келген мигранттар / Жылдык тенденциялар**

Кайтып келген мигранттардын жалпы саны 2021-жылга салыштырмалуу 21% га өсүп, 2020-жылга салыштырмалуу олуттуу өсүшкө күбө болду. Андан кийин, 2022-жылы 18 пайыздык өсүш катталган.

Бул тенденция 2023-жылы кескин түрдө тездеп, кайтып келген мигранттардын саны мурунку жылга салыштырмалуу 85% га жогорулаган. .

2021-жылдан 2023-жылга чейин кайтуу миграциясынын байкалган өсүшү Кыргызстанга кайтып келген жеке адамдардын санынын олуттуу өсүшүн чагылдырган миграциялык схемалардын олуттуу өзгөрүшүн баса белгилейт. Сандардын 2024-жылы дагы өсүшү күтүлүүдө (график жылдын биринчи төрт айынын маалыматтарын гана камтыйт), андыктан көрсөтүлгөн 2024-жылдагы маалыматтарды мурунку жылга салыштырууга болбойт.

2020-жылдан 2024-жылдын апрелине чейин кайтып келген мигранттардын саны | Жылдык тенденциялар



# ЭМИГРАНТТАРДЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК МААЛЫМАТТАРЫ

### 5 НЕГИЗГИ МИГРАЦИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

| | |
|---|---|
| РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ | 207 098 |
| ТУРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ | 6 979 |
| КАЗАХСТАН | 4 522 |
| АКШ | 1 766 |
| КОРЕЯ РЕСПУБЛИКАСЫ | 1 442 |

МБББ маалыматтарын чогултуунун үчүнчү айлампасында 939 жамааттын/коомчулуктун негизги маалыматчылары (бааланган жамааттардын 94%) өз жамааттарын таштап, учурда чет өлкөдө эмигрант катары жашаган кыргыз жарандарынын бар экендигин тастыкташты.

Негизги маалымат берүүчүлөр бааланган жамааттардан 227 629 кыргызстандык жаран 2020-жылдан 2024-жылдын апрелине чейин 45тен ашуун ар кайсы өлкөгө көчүп кеткенин көрсөтүштү. Бул эмиgranттардын көпчүлүгү Россия Федерациясында болушкан, ал жерде мигранттардын 91 пайызы жашайт. Түркия эммигранттардын 3 пайызын кабыл алган экинчи эң популярдуу өлкө болуп саналат, андан кийин Казакстан, ал 2 пайызды кабыл алган. Америка Кошмо Штаттары (АКШ) жана Корея Республикасы ар бири эмигранттардын 1 пайызын кабыл алышат.

Маалыматтардан көрүнүп тургандай, кайтып келуунун алдыңкы төрт өлкөсү (Россия Федерациясы, Туркия, Казакстан жана Корея Республикасы) ошондой эле эмиграциянын алдыңкы багыттарынын катарына кирет. Миграциянын күчтүү циклинин белгиси болуп, бул өлкөлөрдөгү шарттар эмиграция жана кайтып келуу чечимдерине күчтүү таасир этерин көрсөтүп турат. Ошондуктан бул негизги миграциялык коридорлордо кыргыз жарандарын башкаруу жана колдоо үчүн максаттуу саясат жана колдоо чаралары маанилүү.

### Миграциянын себептери

Кыргызстандан эмиграциянын ар кандай себептеринин маанилүүлүгүн 0 дон ("тиешелүү эмес") 5 ке ("өтө маанилүү") чейинки масштабда баалоо суралганда, кирешенин төмөндүгү жана Кыргызстандагы экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу орточо 4.5 жана 4.4 рейтингдери менен биринчи жана экинчи орунда эң олуттуу себептер катары пайда болду. Артта калып, көздөгөн өлкөдө (жакшы) жумуш мүмкүнчүлүктөрүн жана жашоо шарттарын издөө үчүнчү жана төртүнчү тиешелүүлүгүнө жараша орточо 4.1 жана 4 балдар менен эң маанилүү себептердин катарына кирди.

Кыргызстандагы финансылык көйгөйлөр/карыздар жана көздөгөн өлкөдө эмгек келишимин алуу эмиграциянын маанилүү себептери деп эсептелип, орточо баллдары 3,7 жана 3,5 болду. Башка себептер боюнча, анын ичинде Кыргызстандагы экономикалык абал/валютанын девальвациясы жана үй-бүлөлүк маселелер (үй-бүлө менен биригүү, нике) жана билим алуу, ар бири орточо 3,1, 2,3 жана 2,3 баллдарды алган.

Калган факторлор, анын ичинде медициналык жардам алуу үчүн эмиграция, экономикалык санкциялар (Россия Федерациясы), чыр-чатактар жана жалпы коопсуздук абалы, Кыргызстанда адам укуктарынын бузулушу жана табигый кырсыктар/климаттын өзгөрүшү жалпысынан маанисиз же өтө маанилүү эмес деп бааланган.

# ЭМИГРАНТТАРДЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК МААЛЫМАТТАРЫ

**2023-жылдан баштап Кыргызстандан рейтинг боюнча миграциянын факторлорунун маанилүүлүгү**


0 = тиешелүү эмес, 1= өтө маанилүү эмес, 2 = маанилүү эмес, 3 = бир аз маанилүү, 4= маанилүү, 5 = өтө маанилүү

- **4.5** Кыргызстандагы кирешесин аздыгы
- **4.4** Кыргызстандагы экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу
- **4.1** Чет өлкөдө (жакшыраак) жумуш мүмкүнчүлүктөрүн табуу
- **4.0** Жашоо шарттарын жакшыртуу
- **3.7** Каржылык көйгөйлөр/карыздар
- **3.5** Чет өлкөдө эмгек келишимин/ эмгек милдеттерин алуу
- **3.1** Экономиканын начардыгы/ Кыргызстанда валютанын девальвациясы
- **2.3** Үй-бүлөлүк маселелер (үй-бүлөгө кошулуу, нике ж.б.)
- **2.3** Билим алуу
- **1.8** Медициналык дарылоону үчүн/ ден соолугунун себептери
- **1.3** Экономикалык санкциялар (Россия Федерациясы)
- **1.3** Өз өлкөсүндөгү чыр-чатактар жана жалпы коопсуздук абалы
- **1.2** Өз өлкөсүндөгү адам укуктарынын бузулушу
- **1.1** Табигый кырсыктар/ климаттын өзгөрүшү

# ЭМИГРАНТТАР | ОБЛУСТАР БОЮНЧА

Бааланган жамааттардан келген эмигранттардын 25 пайызы Ош облусунан. Эммиграанттардын экинчи эң көп саны (23%) Жалалабат облусунан, андан кийин Баткен облусунан (14%), Ысык-Көлдөн (13%), Чүй облусунан (10%) жана Ош шаарынан (7%). Эммиграанттардын 6 пайызы гана Талас жана Бишкек облустарынан, ал эми 2 пайызы Нарын облусунан.


2020-жылдан 2024-жылдын апрелине чейин эмигранттардын саны жана пайызы | Облустар боюнча




**Эмигранттар | Жылдык Тенденциялар**

Мигранттардын жалпы саны 2021-жылы өткөн жылга салыштырмалуу 38% га өскөн. Бул өсүш 2022-жылы 2021-жылга салыштырмалуу 47 пайызга, андан кийин 2023-жылы 100 пайызга жогорулаган.  2024-жылга карата маалыматтар, анын ичинде апрелге чейинки сандар жылдын аягына чейин дагы жогорулайт деп күтүлүүдө, ошондуктан аларды мурунку жылга салыштырууга болбойт. Апрелге чейинки көрсөткүчтөрду камтыган 2024-жылга карата маалыматтар жыл аягына чейин дагы жогорулайт деп күтүлүүдө, ошондуктан аны мурдагы жылга салыштырууга болбойт. Байкалган жылдардагы эмигранттардын санынын өзгөрүшү миграция динамикасынын татаалдыгын баса белгилейт. Берилген маалыматтар баалуу түшүнүктөрдү сунуш кылганы менен, бул өзгөрүүлөрдүн негизги себептерин түшүнүү үчүн тереңирээк изилдөөлөрдүн зарылдыгы бар. Кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүү эмиграциянын ар кандай тенденцияларына салым кошкон экономикалык, социалдык жана геосаясий факторлорду так изилдөөгө мүмкүндүк берет, бул көбүрөөк маалыматтуу саясат чечимдерин жана кийлигишүүлөрүн жеңилдетет.

Эмигранттардын саны, апрель 2020- апрель 2024 | Жылдык тенденциялар



# ИЧКИ МОБИЛДҮҮЛҮК


# ИЧКИ МИГРАНТТАР

Бааланган жамааттардын 38 пайызынын МКМ негизги маалыматчылары өз жамааттарында ички мигранттардын бар экендигин тастыкташты.

Негизги маалымат берүүчүлөрдүн маалыматы боюнча, 2023-жылдын ичинде 44 391 кыргызстандык жаран бааланган жамааттарга ички миграцияга кеткен. Ички мигранттардын жыйырма бир пайызы ошол эле райондун ичинде көчүп кетишкен. Ички мигранттардын дээрлик жарымы (46%) Бишкекке көчүп келишкен, андан кийин Чүй (29%), Жалалабат (11%), Ош шаары (7%), Ош (3%) облустарына көчүп келишкен.

Кроме того, наибольшее число внутренних мигрантов из исследуемых сообществ было определено в Октябрьском районе (30 %) города Бишкек, затем в Сокулукском районе (22 %) Чуйской области и Первомайском районе (15 %) города Бишкек.


2023-жылы ички мигранттардын саны жана пайызы | Келүү облусу боюнча




### Миграциянын себептери

Ички миграциянын себептери жөнүндө суралганда, ички миграциянын биринчи себеби экономикалык себептер (83%), андан кийин турак-жай маселелери, анын ичинде жаңы үйгө көчүү (6%) жана билим алуу (6%) деп айтылды. Бирок ички миграциянын себептеринин 3% белгисиз. Эки пайызы үй-бүлөлүк көйгөйлөргө туш болушкан, ал эми ички мигранттардын 1 пайызы климат, кургакчылык, суу ташкыны жана кыштын катаал шарттары сыяктуу экологиялык факторлордон улам көчүп кетишкен.

**2023-жылы миграциянын себептеринин пайызы**




# ИЧКИ ЭМИГРАНТТАР

Маалыматтарды чогултуунун үчүнчү айлампасында бааланган жамааттардын 74 пайызынын негизги маалымат берүүчүлөрү өз жамааттарынан көчүп келген жана учурда Кыргызстандын ичинде башка жерде жашаган ички эмиаранттардын бар экендигин тастыкташты.

Негизги маалымат берүүчүлөр 2023-жылы 48,805 кыргыз жараны бааланган жамааттардан ички миграцияга кеткенин көрсөтүштү. Ички мигранттардын 10 пайызы гана ошол эле райондун ичинде миграцияга кетишкен. Ички мигранттардын 20 пайызы Жалалабат облусунан көчүп келген, андан кийин Ош областа (17%), Бишкек (16%), Нарын (15%), Ысык-Көл (10%), Баткен (8%), Ош шаары (6%), Чүй (5%), Талас облустарынан көчүп келген (4%).

Мындан тышкары, ички эмиграннтардын эң көп жашаган үч району Бишкекте жайгашкан Октябрь району (13%), андан кийин Жалалабат облусунда жайгашкан Тогуз-Торо району (7%) жана Ош шаарында жайгашкан Ош району (6%) болду.


2023-жылы ички эмиграннтардын саны жана пайызы | Облустар боюнча




**Ички эмиграциянын себептери**

Ички эмиграциянын себептери жөнүндө суралганда, бааланган жамааттардан чыгуунун биринчи себеби экономикалык себептер (86%), андан кийин билим алуу себептеринен улам миграция (7%) жана турак жай маселелери, анын ичинде жаңы үйгө көчүү (2%) деп айтылды. Бирок миграциянын себептеринин 2% белгисиз. Миграциянын себептеринин бир пайызы үй-бүлөлүк көйгөйлөр болгон. Калган 2% экологиялык факторлор, анын ичинде климат маселеси, кургакчылык жана катуу кыш.

2023-жылы ички эмиграциянын себептеринин пайызы



# ТИРКЕМЕ: КЫЗМАТТАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ

Маалыматтарды чогултуунун үчүнчү айлампасында МКМ каттоочулары өз жамааттарында маанилүү кызматтардын болушу жөнүндө негизги маалыматтарды карап чыгышты. Табылгалар инфраструктуранын олуттуу кемчиликтерин көрсөттү: жамааттардагы 14% клиникалардын жетишсиздиги, 78% ооруканалардын жетишсиздиги, 11% базарларды жоктугу, 7% таза ичүүчү суу булактарына жетүү мүмкүнчүлүгү жок, 12% мектептерди жетишсиздиги, 46% банкоматтарга же почта бөлүмдөрүнө жетүү мүмкүнчүлүгү жок жана 13% гана өз жамааттарынын ичинде мамлекеттик тейлөө борборлоруна ээ болушкан. Бирок, бааланган жамааттарда мобилдик интернетке 100% кирүү мүмкүнчүлүгү катталган.

**Коомчулуктун ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү**

| Кызматтар | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Поликлиника | 86% | 14% |
| Оорукана | 22% | 78% |
| Интернет | 100% | 0% |
| Базар | 89% | 11% |
| Ичүүчү суу | 93% | 7% |
| Мектеп | 88% | 12% |
| Жумуш менен камсыздоо борбору | 11% | 89% |
| Банк, банкомат, почта | 54% | 46% |
| Мамлекеттик тейлөө борбору | 13% | 87% |

# АРАЛЫК БОЮНЧА КЫЗМАТТАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ

Негизги маалымат берүүчүлөрдөн, эгерде алар жамааттардын ичинде жеткиликтүү болбосо, жакынкы кызмат көрсөтүү жайына чейин жүрүү аралыгын камсыз кылуу суралды. Негизги маалыматтык эсептөөлөргө ылайык, поликлиникалары жок жамааттардын 14 пайызында 8373 үй-бүлө (11%) башка жердеги саламаттык сактоо поликлиникаларына кирүү үчүн беш километрдан ашык жол жүрүүгө аргасыз болушкан. Ооруканалары жок жамааттардын 78 пайызында 47 343 үй-бүлө (10%) башка жерлердеги ооруканага жетүү үчүн 25 километрдан ашык жол жүрүүгө аргасыз болушат. Базарлары жок жамааттардын 11 пайызында 17 339 үй-бүлө жашап (35%) жакынкы базарга жетүү үчүн 10 километрдан ашык жол жүрүүгө аргасыз болушат. Таза ичүүчү суу булактары жок жамааттардын 7 пайызында 17 173 үй-бүлө бар (55%) таза сууга жетүү үчүн үч километр же андан көп жол жүрүүгө аргасыз болушат. Мектептери жок жамааттардын 12 пайызында 22 732 үй-бүлө бар (40%) үч километрге жетпеген аралыкта билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон эмес. Жамааттарында жумушка орношуу борбору жок жамаатар 89% түзөт, аларда 78 266 үй-бүлө бар (13%), жумушка орношуу борборуна жетүү үчүн 40 километр же андан көп жол жүрүүгө аргасыз болушат. Банк, банкомат же пост-терминал жок жамааттардын 46 пайызды түзөт аларда 20 609 үй-бүлө бар (10% түзөт), 30 километрдан ашык жол жүрүүгө аргасыз болушат. Мамлекеттик кызмат көрсөтүү борборлоруна жетүү үчүн коомчулуктун 87 пайызында 80 922ден ашуун үй-бүлө бар (14%), 30 километрден ашык аралыкты басып өтүүгө аргасыз болушат.

МЕКЕМЕСИ ЖОК ЖАМААТТАРДЫН АРАСЫНДАГЫ ЖАКЫНКЫ МЕКЕМЕГЕ ЧЕЙИНКИ АРАЛЫК

| Аралык | Поликлиника | Оорукана | Базар | Коопсуз ичүүчү суу | Мектеп | Жумуш менен камсыздоо борбору | Банк(омат), почта | Мамлекеттик кызматтар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Үй чарбаларынын саны | | | | | | | |
| **0-5 КМ** | 70 953 | 171 890 | 14 709 | 18 968 | 48 777 | 127 071 | 91 336 | 134 017 |
| **6-10 КМ** | 6 248 | 126 050 | 17 210 | 5 871 | 5 436 | 136 903 | 51 962 | 146 088 |
| **11-15 КМ** | 1 032 | 67 479 | 4 525 | 2 965 | 122 | 115 206 | 23 148 | 106 333 |
| **16-20 КМ** | 755 | 45 069 | 4 892 | 1 405 | 2 951 | 64 797 | 14 009 | 58 211 |
| **21-25 КМ** | 0 | 26 966 | 3 410 | 945 | 0 | 30 230 | 8 809 | 38 525 |
| **> 25 КМ** | 338 | 47 343 | 4 512 | 1 209 | 21 | 132 095 | 26 355 | 99 977 |
| **Үй чарбаларынын жалпы саны** | **79 326** | **484 797** | **49 258** | **31 363** | **57 307** | **606 302** | **215 619** | **583 151** |

Funded by
the European Union

IOM
UN MIGRATION

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

**Swiss Agency for Development
and Cooperation SDC**